Ош облустук коомдук-саясий гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№36 [16993] ИШЕМБИ, 29/11/2025

## УЛУТТУК ДЕМ-ДҮЙНӨЛҮК БИЙИКТИК




3-бетте

## АЙЫЛ ӨНҮКСӨ ӨЛКӨ ӨНҮГӨТ




4-бетте

## Шайлоо тилкелердин даярдыгы




2-бетте

## РЫСПАЙ ЖӨНҮНДӨ ЭССЕ ЖЕ АНДАН ЧЫККАН ОЙЛОР



2-бетте

## ФИНАНСЫЛЫК САБАТТУУЛУУКТУ ЖОГОРУЛАТУУНУН ЗАРЫЛДЫГЫ ЭМНЕДЕ?



5-бетте

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясий гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
А.Матиева

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 1551**
**Нускасы: 1700**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**

| | |
|---|---|
| Кабылдама: | 7–13–34 |
| Жооптуу катчы: | 7–10–02 |
| Жарнак бөлүмү: | 7–11–31 |
| E-mail: | oshjan@mail.ru |

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Ош облусунун башчысы Азербайжан–кыргыз өнүгүү фондунун өкүлдөрү менен жолугушту



Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев Азербайжан–кыргыз өнүгүү фондунун (AKDF) өкүлдөрү Игбал Бабаев жана Замирбек Осмонов менен жолугушту. Тараптар Фонд түзүлгөндөн берки кызматташтыкты жана социалдык, инфраструктуралык долбоорлордун жүрүшүн талкуулашты.

Жолугушууда Ошто кардио борборун куруу боюнча долбоорго кол коюлганы белгиленип, бул демилге аймактын саламаттыкты сактоо кызматын жакшыртууда маанилүү кадам экени айтылды. Ошондой эле Фонд Кара-Кулжа районунда 6 МВтка чейинки "Кулун" кичи ГЭСин каржылоону пландап жатканы маалымдалды.

Эльчибек Джантаев Фонддун аймактагы колдоосуна ыраазычылык билдирип, жаңы долбоорлорду илгерилетүүдө ар тараптуу колдоо көрсөтүүгө даяр экенин билдирди. Тараптар кызматташууну мындан ары кеңейтүү жана биргелешкен аракеттер түштүк аймактардын өнүгүүсүнө олуттуу салым кошоруна басым жасашты.

# Архив тармагы жакшыртылат



Ош облусунун башчысы Эльчибек Джантаев Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине караштуу Архивдик кызматтын төрайымы Нуркыз Базарбаеваны кабыл алып, Ош облусунда архив тармагын жакшыртуу, Кара-Суу жана Ноокат райондорунда жаңы архив имараттарын куруу долбоорлорун талкуулашты.

Жолугушуу учурунда тараптар райондук мамлекеттик архивдердин учурдагы абалы, архивдик инфраструктураны жаңылоо, санариптик технологияларды киргизүү жана документтерди ишенимдүү сактоого шарт түзүү маанилүүлүгүн баса белгилешти. Ошондой эле райондордо жаңы архив имараттарын куруу — учурдагы негизги милдеттердин бири экени айтылды.

Жыйынтыгында тараптар Кара-Суу жана Ноокат райондук мамлекеттик архивдеринин административдик имараттарын куруу долбоорлорун ишке ашыруу боюнча бирдиктүү иштИ улантуу үчүн конкреттүү кадамдарды аныктап, биргелешип иштөөнү улантууну макулдашты.

# Арзан баадагы айыл чарба жарманкеси



Ош облусунун аймактарында облус жетекчиси Эльчибек Джантаевдин тапшырмасына ылайык айыл чарба жарманкелери кезеги менен уюштурулуп жатат. Иш-чаранын негизги максаты — жергиликтүү калкты жеткиликтүү жана сапаттуу азык-түлүк менен камсыздап, баанын туруктуушусуна салым кошуу.

Жарманкелерде дыйкан-фермерлер тарабынан өндүрүлгөн айыл чарба продукциялары базар наркынан төмөн баада сатылууда. Атап айтканда, жылкы жана уй эти 640 сомдон, кой эти 680 сомдон сатылууда. Ошондой эле балык, ун, май, буудай, кумшекер, жумуртка, жашылча-жемиштер жана кайра иштетилген азыктар да арзандатылган баада коюлган.

Айыл чарба жарманкелери атайын бекитилген график боюнча ар ишемби күнү өткөрүлүп, облус тургундарына жеткиликтүү баада азык-түлүк алуу мүмкүнчүлүгүн түзүүдө.

# Шайлоо тилкелердин даярдыгы



Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Илияз Ташбаевдин төрагалыгы алдында 30-ноябрда өтө турган Жогорку Кеңешке мөөнөтүнөн мурда депутаттарды шайлоо өнөктүгүнө байланыштуу Ош облусундагы шайлоо участкаларынын даярдыгын талкуулаган облустук штабдын отуруму болуп өттү.

Жыйынга өкүлдүн аппарат жетекчиси, район акимдери, тиешелүү мекеме-ишканалардын жетекчилери жана күч түзүмдөрүнүн башчылары катышты. Алгач аппараттын уюштуруу-инспектордук, кадр иштери жана коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн башчысы Бакай Баймбетов облус аймагындагы шайлоо тилкелеринин даярдыгы жана текшерүү учурунда байкалган кемчиликтер боюнча кеңири маалымат берди.

Андан соң район акимдери өздөрүнүн аймактарында шайлоого карата көрүлгөн даярдык чаралары тууралуу маалымат берип, негизинен саясий өнөктүктү өткөрүүгө толук даяр экенин белгилешти. Жыйындын жыйынтыгында өкүлдүн биринчи орун басары Илияз Ташбаев айтылган кемчиликтерди тез арада жоюуну тапшырып, шайлоо күнүн тынч жана уюшкандыкта өткөрүүнүн маанисин белгиледи.

Белгилей кетсек, Ош облусунда жалпы 8 округ жана 510 шайлоо тилкеси бар.

**Даярдаган: К.Кыдыралиева.**

# УЛУТТУК ДЕМ-ДҮЙНӨЛҮК БИЙИКТИК

**Ош облусунун Кара-Суу, Өзгөн, Кара-Кулжа, Араван, Ноокат, Алай жана Чоң-Алай райондорунда Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы №369 «Улуттук дем — дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу Жарлыгын жайылтуу жана анын мазмунун коомчулукка таанытуу багытындагы маалыматтык иш-чара өткөрүлдү. Жарлыкта “Кыргыз Республикасынын жарандарынын эң башкы байлыгы жана сыймыгы – эгемен мамлекети”,- деп баса көрсөтүлгөн.**



“Уңгужол” кербенинин алкагында өткөрүлгөн жыйынга Президенттик Администрацияга караштуу "Мурас" фондунун төрагасы, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, профессор Кыяс Молдокасымов жана акын, адабий сыйлыктардын ээси, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ага окутуучусу Алтынбек Исмаилов, КРнын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктин түштүк аймактык бөлүмүнүн башчысы Адилбек уулу Фурхатбек, ОшМУнун улук окутуучусу Зарлык Солтоев баш болгон атайын өкүлдөр катышышты.

Жолугушуунун учурунда бул Жарлыктын маани-маңызы жөнүндө кеңири түшүндүрмө берилди. «Улуттук дем — дүйнөлүк бийиктик» деген идея терең система катары иштелип чыгылып, өлкө аймактарына чейин таанытуу иш-чаралары уюштурулуп жаткандыгы айтылды.

Уңгужолдун уюткусу Манаста экендиги, "Манас" эпосу кыргыздын дүйнө таанымын, руханий күчүнүн, тарыхый жолунун түпкү булагы катары карала тургандыгы баса белгиленди. Уңгу жол — бул жөн гана багыт эмес, бул Манастан башат алган руханий арка, элди улап турган өзөк.

Уңгужолдун негизги максаты - мамлекеттик, коомдук-саясий, жарандык институттардын ишин бир нукка салуу менен нарктуу, мекенчил, жоопкерчиликтүү жарандарды калыптандырып, кубаттуу мамлекет куруу болуп саналат.

Иш чаранын жүрүшүндө Уңгужолдун негизги багыттары тууралуу сөз болду, кыргыз эли - жеке өзүнө таандык тарыхый тагдыры бар, миңдеген жылдар бою өз аталышын, мамлекеттүүлүк салтын жоготпой сактап келген, дүйнөлүк коомчулук тарабынан таанылган, кайталангыс эл экендиги белгиленди.

Уңгу жолу — улуттук дүйнөтаанымды сактоого, адамдын ички маданиятын көтөрүүгө, мамлекеттүүлүктү бекемдөөгө жана баалуулуктарды жаңылоого багытталган маанилүү идеологиялык платформа. 3000 жылдык тарыхы бар улуу элдин урпактары экенибизди эстен чыгарбай, кыргыз тилинин тазалыгы үчүн күрөшүү маанилүү экендиги айтылды.

Бул иш-чара улуттук идентүүлүктү чыңдоого, жаштардын аң-сезиминде улуттук нарк-дөөлөттү бекемдөөгө жана коомдо биримдикти, руханий көтөрүлүштү колдоого салым кошкон маанилүү платформа катары бааланат. Иш-чарада Жарлыктын маңызы, негизги багыттары жана район деңгээлиндеги ишке ашыруу механизмдери тууралуу маалымат берилди. Уңгужол Жарлыгынын маңызы, тарыхый-философиялык мааниси жана коомдук-моралдык багыттары жөнүндө мазмундуу баяндамалар жасалды. Катышуучулар суроо-жооп аркылуу кенен пикир алмашып, Жарлыкты ишке ашырууда жергиликтүү деңгээлде аткаруучу милдеттер белгиленди.

Иш-чара Уңгужол Жарлыгынын маанисин элге жеткирүү жана жаш муундардын аң-сезиминде улуттук баалуулуктарды бекемдөө жолунда дагы бир маанилүү кадам болду. Жарлыкты ишке ашыруунун алкагында бардык райондордун борборлорунда жергиликтүү тургундарга аталган Жарлыктын мазмуну боюнча таанытым иштери жүргүзүлүп жатат. Жыйындын катышуучулары Жарлык жөнүндө жеткиликтүү маалымат менен таанышып, руханий азык алышты.

**А.МАТИЕВА.**

**Коомчулук колдоого алган жарлык**

# Талап катуу коюлуп, ысырапкерчилик кыскарууда

**2022-жылдын 24-февралында Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун № 54 Жарлыгы чыккандыгы жалпыга белгилүү.**

Бул Жарлыктын максаты-Кыргыз Республикасынын жарандарынын социалдык жана экономикалык жашоо деңгээлин жогорулатуу, ошондой эле диний ырым-жырымдарды, үрп-адаттарды жана коомдун руханий абалына терс таасирин тийгизүүчү башка иш-чараларды өткөрүүдө ысырапкорчулукту болтурбоо болчу.

Ысарапкорчулукту тыюу максатын көздөгөн президенттин жарлыгы коомчулукта кызуу талкууланды.Көпчүлүк Президенттин бул кадамын колдоого алды. Анткени, кийинки жылдары көрүлүп жаткан чараларга карабастан, кыргыз коомчулугунда ар кандай үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана башка иш-чараларды өткөрүүдө текебердик, өзүн эл алдында көрсөтүүгө умтулуу, башка адамдардын социалдык абалын теңсинбөө, ашыкча ысырапкерчилик, элдин каада-салттарын жана үрп-адаттарын сактабоо сыяктуу терс көрүнүштөр жана жаман адаттар кеёири жайылып кеткен болчу. Көптөгөн жарандар шаан-шөкөттүү үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумга арналган иш-чараларды коңшулардын жана туугандарынын алдында кеп сөзгө калбоо жана өз беделин көтөрүү максатында өткөрүп келишкен. Калктын аярлуу катмары колунда барларга теёелебиз деп маркумду жерге коюу, маркумду эскерүү, ошондой эле үйлөнүү үлпөттөрүн, маарекелерди өткөрүү менен байланышкан ар кандай үй-бүлөлүк иш-чараларда негизсиз чыгашаларга дуушар болуп келишкен. Белгилүү болгондой, динде да маркумду жерге коюуда, маркумду эскерүү үрп-адаттарында мындай ысырапкерчиликке жол берилбейт. Бирок, ага карабастан мындай шаан-шөкөттүү салтанаттарды жана башка иш-чараларды өткөрүү кеңири жайылган көрүнүшкө айланып бараткан.

Мындай ашыкча чыгымдар үй-бүлөлүк бюджетке чоё зыян келтирүү менен калктын жашоо деңгээлине терс таасирин тийгизип келди. Көптөгөн жарандарыбыз ысырaптуу жана шаан-шөкөттүү үй-бүлөлүк иш-чараларды жана үрп-адаттарды өткөргөндөн кийин каражаттарды карызга, кредитке алат жана аны төлөө үчүн республикадан тышкары жактарга иштегенге кетип жатышат.

Үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды жана маркумду эскерүү иш-чараларында улуттук каада-салттарга, адеп-ахлак ченемдерине карама-каршы келген үрп-адаттарга жол берилип жаткандыгын көрүп-билип, түшүнүп жатсак да, ага аргасыз моюн сунуп бараткандыгыбыз да ачуу чындык. Мындай көрүнүш өзүмчүлдүктү, адепсиздикти, өзүм билемдикти камтыган бөтөн жана бузуку идеялардын жана баалуулуктардын системасынын коомго жайылышына алып келмек...

Учурдагы абал кыргыз коомунун руханий маданиятынын жана адеп-ахлагынын негиздерин турукташтыруу, социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылуу, калкта, өзгөчө жаштарда мындай



маселелерге аяр мамиле кылууну калыптандыруу үчүн каада-салттарды, салтанаттарды жана үрп-адаттарды катуу тартипке келтирүүнү талап кылып турган.

Бул Жарлыктын алкагында президенттин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шаарларда, айылдарда жана башка калктуу конуштарда каада-салттарды, салтанаттарды жана үрп-адаттарды тартипке келтирүүнү караган үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш-чараларды өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону иштеп чыгууга жана бекитүүгө, бул маселе боюнча калк арасында кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө, салтанаттарды жана диний үрп-адаттарды өткөрүүчү адамдарга тиешелүү сунуштарды берүүгө аткарууга тийиш болчу.

Жарлык менен Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгына диний ырым-жырымдарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын, маркумга арналган иш-чараларды өткөрүүдө ысырапкерчиликке жол бербөө жана алдын алуу максатында тиешелүү фатваларды чыгаруу сунушталган. Ошондой эле, Жогорку Кеңештин депутаттарына, Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнө, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларга үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган башка иш-чараларды ири акчалай каражатты сарптабастан, жана башка ысырапкерчиликке жол бербестен өткөрүү, жалпы кабыл алынган адеп-ахлактык ченемдерди сактоодо жарандарга үлгү болуу милдеттери берилген.

Аталган Жарлыкты турмушка ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы атайын ыйгарымдуу өкүлчүлүгүнүн атайын буйругу чыккан.

Бул буйруктун негизинде облустун аймагындагы райондук мамлекеттик администрацияларынын, айыл өкмөттөрүнүн, облустук казыяттын, райондук хатибдердин, жана тийиштүү мекемелердин кызматкерлеринен жана өкүлдөрүнөн турган мобилдүү топтордун уюштурулуп, той, аштарда жана маркумду узатууда ыксыз чыгымдарга жол бербөө боюнча жыйындар өтүп, кеңири түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Жыйындар учурунда КР Президентинин № 54 Жарлыгы талкууга алынып, анын алкагында ар кандай сунуш-пикирлер айтылды. Жыйындарга катышкан бардык жарандар аталган Жарлыктын өз мезгилинде чыккандыгын белгилешип, Жарлыкта белгиленген шарттар колдоого алынды.

Бүгүнкү күндө, облустун аймагында жашоочулардын басымдуу көпчүлүгү Президентибиздин Жарлыгында сунуш кылынган шарттарды эске алуу менен иш жүргүзүп жатышат. Атап айтканда, Өзгөн, Ноокат, араван, Кара-Суу райондорунда маркумду акыркы сапарга узатууда жана ашыкча ырым-жырымдарды колдонуудан жана ыксыз ысырапкерчиликке кыскартуу боюнча талап катуу коюлуп, мындай көрүнүш адатка айлана баштады.

Кийинки учурларда облустун райондорунда райондук, айылдык аялдар кеңешинин мүчөлөрү, шаардын мэринин, айыл өкмөт башчыларынын орун басарлары, социалдык адистери катышкан жыйындарда бир катар айылдарында жогорудагыдай ыксыз ысырапкерчиликтен баш тарткан учурлары мисал келтирүү менен, аталган Жарлыкты эл арасына жеткирүү боюнча ыраатуу иш алынып барылууда.

Демек, Президентибиздин Жарлыгы өз учурунда чыккан коомчулук тарабынан колдоого алынган Жарлык экендигин белгилеп өтүүбүз абзел.

**Материалды даярдаган: Т.АБДЫРАЗАКОВ**

# АЙЫЛ ӨНҮКСӨ ӨЛКӨ ӨНҮГӨТ

*Учурда,айыл аймактарында социалдык-экономикалык жактан туруктууу калыптандыруу багытында бир топ иштер аткарылып жатат. Мына ошондой айыл аймактарынын катарына Кара-Суу районундагы Баш-Булак айыл өкмөтүндөгү аткарылып жаткан иштер боюнча сөз кылабыз.Айыл өкмөтүнүн башчысы Балтабаев Айбек Зундуевичтен сураганыбызда аткарылган иштер жөнүндө баяндап берди.*

*Жергиликтүү бюджетти топтоодо 2024-жылдын январь, декабрь айларында жергиликтүү бюджетке чегерилүүчү салыктардын жана жыйындардын планы-тапшырма менен 19700,2 миң сом каралган болсо, жылдын аягына чейин планды 122, 7 пайызга аткарышкан. Ал эми 2025-жылга 217 62,4 миң сомду түзүп, 2024-жылга салыштырмалуу 110,4 пайызга жогорулады. 2025-жылдын 3-кварталына карата жергиликтүү бюджетке чегерилген салыктардын жана жыйымдардын планы 159 87, 7 миң сомго аткарылып, 123, 4 пайызды түздү дейт,- айыл өкмөтүнүн башчысы Айбек Балтабаев.*





## Өнөр жайын өнүктүрүү, инвестиция тартуу

Баш-Булак айыл аймагынын башчысы Айбек Балтабаев айыл аймагын өнүктүрүү максатында чет элдик инвесторлор менен тыгыз иш алып барууда. Атай кетсек, “Кызыл Ай коому”, “ЮНИСЕФ”, “АРИС”, “БУУ”, “АТУ”, “МЕРСИКО” ж.б. Быйылкы жылдын эсебинен “Кызыл Ай коому” тарабынан 2 жаранга 2900 сомдук азык-түлүк продукцияларын беришти. Чакан жана орто бизнес түзүүчү ишканаларды колдоо, бизнести өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу багытында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу инвесторлор боюнча Улуттук агенттиги менен биргеликте, инвестициялык долбоорлор менен иш алып баруу менен биргеликте кошумча жумуш орундары түзүлүүдө.

Баш-Булак айылында жеке ишкер Дженкулов Каныбек Камчыбекович тарабынан авторемонттоо иштери боюнча чакан ишкана ачып, 3 адам жумуш менен камсыз болду. Ушул эле айылдын жеке ишкери Матисаков Кенжебай болсо, пенаблок өндүрүүчү чакан цех ачса, дагы бир жеке ишкер Култаев Руслан пластик терезелерди жасоочу чакан ишкана, ал эми Ачы айылындагы жеке ишкер Ашимов Өмүрбек пластик терезелерди жасоочу чакан цех, жеке ишкер Камалов Алтынбек болсо, “Аль-Равиль” эс алуу жайын ачып, жумушсуз жүргөн адамдарды жумуш орду менен камсыздашты.

## Курулуш инфратүзүмдөр

Баш-Булак айылындагы Н. Примбердиев атындагы орто мектебине республикалык бюджеттин жана (ERIK) долбоорунун алкагында дүйнөлүк банктын колдоосу менен кошумча имарат куруу ишканасы 2025-2026-жылдардын ичинде планга киргизилген. Жылдан жылга окуучулардын саны көбөйгөндүгүнө байланыштуу, кошумча имарат куруу, окуучулардын сапаттуу билим алуусуна шарттарды түзүп берүү каралган. “Кыргызстанда табигый кырсыктардын тобокелдигине туруктуулукту жогорулатуу” (ERIK) долбоорунун алкагында дүйнөлүк банктын колдоосу менен Н. Примбердиев мектеби жактырылган.Азыркы учурда ЖЧК “ЭЭАС” тарабынан ТЭО (техникалык экономикалык негиздеме) жасалып бүтүп , дүйнөлүк банктын кароосуна жөнөтүлгөн. 2026-жылдын жаз айларында курулуш итерин баштоо алдында турушат. Ошондой эле Торгой_Булак айылына демөөрчүлөр тарабынан ФАПтын имаратын куруу иштери да каралууда.

Кара-Сөгөт айылындагы О. Кожошов атындагы орто мектебин жылытуу системасын электр энергиясынан от жагуу системасына өткөрүү үчүн айыл өкмөт тарабынан буйртма берилип, “MGM-group” ЖЧС сы проект системасын тиешелүү мамлекеттик корутундулары бүткөрүлдү. Долбоор Ош облустук өнүктүрүү фондуна сунушталды. Айыл аймагындагы Талдык айылындагы Сулайманов атындагы орто мектебине республтөикалык бюджеттин каржылоосу менен сметалык баасы 21757295 сомду түзгөн спорт залына Ош облустук капиталдык курулуш ишканасы тарабынан ишке ашырылып, аны “Кылым курулуш” ЖЧК сы утуп чыгып, курулуш иштери толугу менен аяктап, 2025-жылдын 29-августунда пайдаланууга тапшырылды.

Айылдын калкынын ден-соолугун чыңдоодо, калкка камкордук көрүүдө Садырбай айылына демөөрчүлөр тарабынан ҮБДТ нун имаратын куруу үчүн иш-кагаздары даярдалып, проектиси жасалууда. Ушул эле айылдын Э. Айдаров көчөсүнө асфальт төшөө иштери толугу менен бүткөрүлдү. Ал эми Баш-Булак айыл аймагына караштуу Т, Бекмуратов көчөсүн асфальттоо иштери да планга киргизилген.

## Турак-жайларды камсыздандыруу

Айылдагы жашоочулардын турак үйлөрүн камсыздандыруудан өткөрүү боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүп келе жатышат. Калктын турак үйлөрү ар кандай табигый кырсыктардан ( сел, шамал, жер көчкү, жер титирөө, өрт ) жабыркаган учурда, камсыздандыруучу уюм тарабынан каржыланат. 2025-жылдын 3-кварталында 665 кожолукту камсыздандыруудан өткөрүштү.

## Коомдук коопсуздук

КРнын Президенти Жапаров Садыр Нургожоевичтин 2021-жылдын 20-декабрындагы “КР Улуттук коопсуздук концепциясы жөнүндө” ПЖ № 570 жарлыгынын аткарылуусу, коомдук тартипте, жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча, айыл аймактын 2-кварталына 9 иш-чара өткөрүлүп калкка түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Мында негизинен алганда, жаш өспүрүмдөр арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен биргеликте, жолугушууларды, маектерди, иш-чараларды өткөрүштү. Укук бузуулардын алдын алуу, кылмыштуулукка каршы күрөшүү, диний экстремизимди жана терроризмди алдын алуу, коомдук коопсуздукту сактоо жана жол транспорт кырсыктарын алдын алуу иш-чараларын өткөрүштү.

## Энергетика

Кара-Суу райондук электр тармактар ишканасы менен биргеликте айыл аймагындагы экономикалык тармактарды жана калкты электр энергиясы менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу жана сарамжалдуу пайдалануу жаңы конуштарга 50 даана электр мамычаларын орнотуу зарыл. Айыл аймактагы жашоочулардын электр энергиясына болгон дебютордук карыздарды азайтуу, электр энергиясын үнөмдүү пайдалануу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Ал эми бюджеттик мекеме ишканаларга жеткирилген электр энергиясына болгон лимиттин сакталышы көзөмөлдөнөт.

Жалгыз бой энелерге да “Ассафа” коомдук бирикмеси тарабынан жана жеке ишкер тарабынан акысыз көмүр берилди.

## Санариптештерүү

“Түндүк” ЭВОС аркылуу маалыматтык өз ара аракеттенүүнү кеңейтүү боюнча иштерди алып барышууда. Калайык калкка кызмат көрсөтүү процесси жөнөкөйлөтүлөт жана кагаз жүзүндө иш жүргүзүү жоюлат.Учурда Баш-Булак айыл аймагында санарип аймакка катталган элдин саны 16 570 тен ашты. Түндүк” электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы аркылуу өз ара аракеттенүү үчүн сервистердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн саны көбөйөт. Айыл аймакта жашаган жарандарга телефонуна “Түндүк” тиркемесине катталып, тиркемеден керектүү аныктамаларды алууга жардам берилет.




## 90 жылдыкка иш-чаралар өткөрүлдү

Кара-Суу районунун түзүлгөнүнүн 90 жылдыгына карата спорттук мелдештер, майрамдык иш-чаралар өткөрүлдү. Жеңүүчүлөргө айыл өкмөтү тарабынан акчалай сыйлыктар берилди. КРнын мамлекеттик тилинин конституциялык статусун чыңдоо (13 берене). КРнын мыйзамынын талаптарын аткаруу, “мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагылары мамлекеттик тилге окутуу жана иш-кагаздарын жүргүзүүнү мамлекеттик тилге өткөрүү боюнча чаралар жөнүндө” КРнын өкмөтүнүн 2013-жылдын 5-мартындагы №114 токтомун ишке ашыруу, КРнын өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-октябрындагы № 510 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү" программасын аткарышууда. 23-сентябрь “мамлекеттик тил күнүнө карата айыл аймактардагы мектептерде жана балдар бакчаларында мамлекеттик тил күнүнө карата спектакль, концерттик программалар менен коштолгон иш-чараларды өткөрүштү. Баш-Булак айыл аймагындагы Садырбай, Талдык, Эшме айылдарындагы 11, 5 км. ички арыктар, 9 км. келген чоң каналдарды чаап тазалоого жергиликтүү бюджеттин эсебинен 30 000 сом акча каражаты сарпталды. Айылдардын тазалыгын камсыз кылуу максатында Кара-Суу райондук өнүктүрүү фондуна таштанды ташуучу унаа сатып алуу долбоору аркылуу сунуштама берилди. “Жашыл мурас” долбоорунун алкагында да айыл аймагын жашылдандыруу жана көрктөндүрүү боюнча бир топ иштерди аткарышты.

## Коррупция менен күрөшүү

КРнын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы № 137 “2025-2030”-жылдардагы КРда коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндөгү жарлыгын аткаруу боюнча Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 5-сентябрындагы №231 сандуу буйругу боюнча иш алып барышууда.

Эл арасында, мектептерде жана бала бакчаларында жыйындарды өткөрүшүп, түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Ошондой эле айыл өкмөттүн аппарат кызматкерлерине да “КРнын мыйзамынын кабыл алынгандыгына байланыштуу, тааныштырылып, ар бир кызматкерге коррупцияга каршы күрөшүү боюнча кол койдурулду.

Баш-Булак айыл аймагында өз ишин мыкты билген кесипкөй адистер эмгектенишет. Айыл аймагынын башчысынын орун басары, Бекмуратов Нурбек Базарбаевич, ФЭБ башчысы Кайназарова Калыс Исмаиловна ж. б. кызматкерлер эмгектенишет. Баш-Булак айыл аймагынын Бек-Жар айылында “Беш-Мерген” саамал туристтик кемплекси ачылган. Жайдын ыссык күндөрү эс алуучулар үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

# ФИНАНСЫЛЫК САБАТТУУЛУУКТУ ЖОГОРУЛАТУУНУН ЗАРЫЛДЫГЫ ЭМНЕДЕ?

**Санариптештирүү адамзат коомуна жана анын мамилесине өтө терең сүңгүп киргендиктен, азыркы замандын адамдары ансыз өзүнүн кадимки жашоо-турмушун элестете албайт. Мындан улам, калктын ыңгайлуулугу үчүн финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн өнүгүшүнө байланыштуу аралыктан сунушталуучу финансылык кызматтарга суроо-талап өстү. Өз ордунан турбастан эле акча каражатын башкарууга жана төлөмдөрдү/которууларды жүргүзүүгө мүмкүндүк берген жаңы инновациялык технологиялардын улам жаңы түрлөрү сунушталууда. Калктын калың катмары өзүнүн финансылык жактан жакшы жашоосуна өбөлгө түзүү үчүн бул инновациялык технологияларды колдонууну үйрөнүүсү, ошол менен эле катар финансылык көз боёмочулуктан коргонууга даяр турусу зарыл эмеспи. Андыктан калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуунун муктаждыгы тууралуу Улуттук банктын Ош областтык башкармалыгына кайрылып, төмөнкүдөй маалыматтарды ала алдык.**



**-Акыркы мезгилде финансылык сабаттуулук деп масс-медиада роликтер көп чыгып жатат. Финансылык сабаттуулукту окурмандарга жөнөкөй тил менен кантип түшүндүрүүгө болот?**

-Финансылык сабаттуулук - бул мүмкүн болгон финансылык кесепеттерди билип, финансылык билимин практикада колдонуу үчүн зарыл маалыматтарды алууга, түшүнүүгө жана баа берүүгө адамдын жөндөмдүүлүгү. Финансылык сабаттуулукту жогорулатуу керектөөчүлөрдүн кызыкчылыктарын талаптагыдай коргоонун кошумча чарасы болуп саналат. Финансылык сабаттуулуктун деңгээли финансылык билим берүүнүн жыйынтыгында жогорулайт, бул процесстин алкагында жарандар финансылык продукттар жана кызматтар боюнча түшүнүгүн арттырып, бул багытта финансылык аракеттердин көндүмдөрүнө ээ болот.



Жарандар жашоодо көптөгөн чечимдерди кабыл алат жана ошол чечимдер өздөрүнүн жашоосуна таасир тийгизет. Чечимдер ар дайым туура болбой калышы мүмкүн. Көп учурда туура чечим кабыл алыш үчүн адамга туура маалымат керек. Изилдөөлөргө ылайык финансылык чечимдер эң эле оор болот экен. Буга кошумча, бул чөйрөдө көптөгөн алдамчылар бар, ошол эле финансылык пирамидалар элдин акчасын уурдап жатышат. Карызга акча алуучулар өз укуктарын жана жоопкерчиликтерин толук түшүнбөстүгү үстүүстүнө кредит алуу көйгөйүнө алып келет. Эң негизгиси, финансылык сабаттуулук адамдын финансылык бакубаттуулугуна жол ачып, ал болсо өз кезегинде бактылуулукка шарт түзөт. Бактылуулуктун бир бөлүгү финансылык ресурстардын жетиштүү болуусунда экени талашсыз.

**-Финансылык сабаттуулуктун артыкчылыктары жана деңгээлин жогорулатуунун жолдору кандай?**

-Финансылык сабаттуулук адамдын финансылык жактан жакшы жашоосуна өбөлгө түзүп, анын финансылык иш чөйрөсүнө тартылуу деңгээлине таасир этет. Ошондой эле, ылайыктуу жана алгылыктуу финансылык кызматтарды сунуштаган адилеттүү жана натыйжалуу иштеген финансы мекемелерин, керектөөчүлөрдү (финансы-кредит уюмдардын клиенттерин) коргоо системасын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт, ал эми булар өз кезегинде финансылык кызматты керектөөчүлөргө финансылык көз боёмочулуктан коргоону камсыз кылат. Эң негизгиси, туура финансылык билим алган жаш муундардагы сөзсүз түрдө акчаны туура башкарууну өздөштүрө алышат.

Финансылык сабаттуулуктун деңгээли финансылык билим алуунун жыйынтыгында жогорулайт, бул процесстин алкагында жарандар финансылык продукттар жана кызматтар боюнча түшүнүгүн арттырып, бул багытта ар-дайым финансылык аракеттерге ээ болот. Финансылык сабаттуулукту жогорулатуу жалпы эле адамдын сабаттуу болушундай эле ошол жаатта атайын билим алуу процесси десек болот.

Азыркы учурда калкка финансылык сабаттуулукту жогорулатууда көптөгөн ресурстар бар. Алар- ар кандай популярдуу китептер, окуу китептер, онлайн ресурстар, атайын теле жана радио берүүлөр, ошондой эле Улуттук банк тарабынан иштелип чыккан www.finsabat.kg атайын сайты жана социалдык тармактардагы Финсабат баракчалары.

**-Улуттук банк финансылык сабаттуулук боюнча иш-чараларды кандай багытта жүргүзүп келүүдө?**

-Элибиз мээнет менен тапкан кирешелерин пайдасыз багытка коротуп алып, кыйынчылыкка дуушар болуп калганын көп эле учуратып жүрөбүз. Ошондой эле, карапайым адамдардын акчасына көз арткан кара ниет адамдар бирөөнүн эсебинен тез пайда табуу үчүн түрдүү айла-амалдарды колдонуп жаткандыгы да белгилүү. Калктын финансылык сабаттуулугун көтөрүү – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жүргүзүп жаткан иштердин маанилүү бир бөлүгү болуп эсептелет.

Өкмөт тарабынан бекитилген Кыргыз Республикасынын калкынын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу программасынын координатору катары Улуттук банк аныкталган. Ушул Программаны аткарууда Улуттук банк калкты көз карандысыз, объективдүү жана сапаттуу финансылык маалымат менен камсыз кылуу максатына жетүүдө көптөгөн иш-аракеттерди кылды. Мисалы, кичинекей балдарга арналган Акча алиппесинин 5 сериясын жана жыйнагын иштеп чыкты жана басып чыгарды, (8-11 класстарга арналган) «Жаштардын кирешелерди пайдалануу жана сактоо» жана «Финансылык көз карандысыздыгына ачкыч» (10-11 класстарга арналган) окуу-методикалары иштелип чыккан. Буга кошумча атайын "Финсабат" деген телеберүүлөр массалык маалымат каражаттары аркылуу берилип келет.

Жыл сайын балдар жана жаштар үчүн 2 ири маалыматтык өнөктүк өткөрүлүп келүүдө. Биринчиси, «Дүйнөлүк акча жумалыгы» март-апрель айларында, экинчиси, «Бүткүл дүйнөлүк жыйым топтоо күнү» октябрь айында жылына өткөрүлүп жатат. Бул өнөктүктүн жүрүшүндө жылына көптөгөн иш-чаралар – көчмө лекциялар, интерактивдик оюндар, ребустар, сүрөттөрдүн, комикстердин жана акча топтоо кутуларынын, макалдардын сынактары, ошондой эле акча топтоого арналган вебинарлар/иш-чаралар мектеп окуучуларынын жана жаштарыбыздын өз финансылык сабаттуулугун жогорулатуусуна алгылыктуу салым болуп жатат.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен German Sparkassenstiftung фондунун (Германия) колдоосу астында финансылык сабаттуулук боюнча регионалдык ийримдердин жетекчилери үчүн тренингдер өткөрүлгөн. Тренингдин жүрүшүндө катышуучулар финансылык максат менен финансылык пландаштыруу, кредит жана кредиттик уюмдар менен иш алып баруу, каражат топтоо жана депозиттер сыяктуу темалар боюнча билимдерин жаңыртып, мектептер окуучуларын финансылык сабаттуулуктун негиздерине окутуу үчүн «Каражат топтоо» иштиктүү оюнун өткөрүү көндүмдөрүн тереңдетишүүдө.

Улуттук банк 2022-жылдын башынан Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму (ЕККУ) менен биргеликте ишке ашырып жаткан «Регионду өнүктүрүү» долбоорунун алкагында калк арасында финансылык сабаттуулук боюнча бардык региондордо акысыз негизде көптөгөн семинарларды өткөрүп, ага минден ашык каалоочулар катыша алышты.

***Суроо салган: К.Кыдыралиева.***



# КЫРГЫЗСТАНДЫК ТУТКУН-ЖООКЕРЛЕР ЖАНА АЛАРДЫН ТАГДЫРЛАРЫ

Болгондо да Орто Азиядан аттанып барып, кайра Германия армиясынын катарында Советтер Союзуна каршы согушууга мажбур болгон өзбектер, казактар, тажиктер, кыргыздар тууралуу билдик. Атактуу казак саясатчысы Мустафа Чокай туткунга түшкөн түркстандыктардан армия курап, Берлинде Түркстан Республикасынын өкмөтүн түзөт эмеспи. Өздөрүн сүргүндө жашаган өкмөт деп эсептеген ошол түзүлүштүн ишине Сатар Алманбетов деген кыргыздын да аралашканы баяндалат. Кийин, Вали Каюмхан президент деп жарыяланганда, ар бир улуттан вице-президент күтүп, кыргыздан Сатар Алманбетов шайланат. Ал кишинин согушка чейин Кыргыз ССРиндеги министрликтердин биринде жоопту кызматтарда иштегени да айтылат. Союздаштардын армиясы Германияга кирип барганда Түркстан республикасынын кызматкерлери менен туткундардан куралган легион туш-тарапка чачырап, айрымдары баш калка издеп Америкалыктарга барышканы айтылат да, китеп аяктайт. Калгандарын Советтер Союзу туткундап, жазасын бергени түшүнүктүү, атылганы атылып, атылбаганы абакка кесилген. Бирок, Сатар Алманбетовдун каякка кеткени айтылбай, анын кийинки тагдыры мени кызыктырып калган. Дайынын билип калышабы деп кези келген жерден сурамжылап жүрдүм. Узак жылдар КГБны жетектеген маркум генерал Жумабек Асанкуловдун билбегени жок эмеспи деп, маектешем деген шылтоо менен барып, андан сурадым. Калппычынбы, айтор билбейм деди. "Азаттык" радиосунун Иши менен Мюнхенге барганымда, ыраматылык Төлөмүш Жакып уулунун байбичеси Мария-эжеден (ободогу аты Бактыгүл) сурасам, ал дагы билбейм деди. Согуш аяктаарда Нюрнбергдин жанындагы чакан кыштакта америкалыктардын колуна түшүп берип, ошондон бери ошол кыштактан чыкпай жашаган Токтогулдук Мусабек аксакалдан сурап көрсөм, ийнин куушурду. Сатар Алманбетов жазганды жакшы көргөн киши болгон. Акыры ошол изине түшүп, изин таптым. Мюнхенде жашаган бир өзбектин чакан китепканасында согуш жылдарында Берлинде жарык көргөн "Миллий Түркстан" журналынын сандарын барактап отуруп, "Бет Алман" деген авторго көзүм түштү. Бул Сатар Алманбетовдун 1 легиондогу аты эле. 1920-жылы 15- Азамат Алтай (Кудайберген Кожомбердиев) сентябрда Ысыккөл облусуна караштуу Тоң районунда Корумду (кийинчерээк - Кызылчек, андан соң - Бөкөнбаев) айылында туулган. 15 жашында Түп районундагы зооветтехникумда окуп келгенден кийин комсомолдун Тоң райондук комитетинде жаш муундарды тарбиялоо бөлүмүндө иштеп жүрүп, 1940-жылы аскерге кеткен. Улуу Ата мекендик согуш маалында, 1941-жылы Литвада туткунга түшүп, уруш аяктаганга чейин фашисттик концлагерде болгон. 1945-жылы Батыш ынтымагынын аскерлери тарабынан бошотулуп, Батыш Европада туруп калган. Тактап кетүү зарыл болгон жагдай – Кудайберген Кожомбердиев эч качан «Түркстан легионунда» кызмат кылган эмес. Айрым мезгилдүү басма сөздөгү аны алиги легион менен байланыштырган маалыматтар дарекке негиздебеген, чындыкка таптакыр коошпогон жоромол болуп саналат. Кожомбердиев 1940- жылдардын аягында Батыш Европада жашап калган Борбор Азиялык бозгундардын «Түрк эли» уюмунун ишмердигине активд Азиядагы советти катышкан. «Түрк эли» уюму Борбор жумурияттардын көз карандысыздыгы, өз келечегин өзү аныкто укугу, демократиялык болочогу үчүн күрөшүү максатын көздөгөн Ошол жылдары ал Мюнхенде кыргыз, казак, орус, өзбек, түркмөн тилинде чыккан «Түрк эли» журналына кыргыздардын тарыхы, маданияты, советтик бийликтен запкы жеген кыргыз жазуучу, илимпоздору жөнүндө макалалар жазып турган. Батышта бозгунчулукта өмүр сүрүүгө аргасыз болгон белгилүү орусиялык диссидент Александр Керенский, окумуштуу Александр Беннигсен жана башка интеллектуалдар менен тыгыз байланышып турган. Кудайберген Кожомбердиев 1950-жылдардан тартып Франция, Германия, Америкада кыргыздардын тарыхын, маданият-салтын изилдеген окумуштууларга жардам көрсөтүп, кыргызча булактарды англисчеге которуп, жалпы Батыштагы Борбордук Азиялык элдерге тийиштүү адабиятты жалпылап, чоң каталог түзүүгө катышкан. 1953-жылы ал башкеңсеси Мюнхенде жайгашкан «Азаттык» үналгысына (азыркы «Эркин Европа-Азаттык» үналгысынын Кыргыз кызматына) ишке кирип, 18-мартта туңгуч кыргызча берүүнү обого чыгарган. Бир аз убакыттан соң ал Нью-Йоркко кетип, Колумбия университетинин китепканасынын түркология бөлүмүндө иштеп калат. Ошондо да ал «Азаттык» менен тыгыз кызматташкан. Ошондон тарта 40 жылга чамалаш өмүрү «Азаттыкка» арналды. Кыргыз кызматынын үзгүлтүксүз иштеп турушуна, чет өлкөлөрдө жашап калган кыргыз жаштарын бул кызматка тартууга чоң салым кошту. 1960-жылы ал Азамат Алтай деген ысымды алган. «Алтай» сөзү аркылуу кыргыздын тарыхый тамырын Алатоо менен чектебестен, Алтай, Энесай менен да байланыштыргысы келсе, «Азамат» сөзү аркылуу эл-жерине карата атуулдук сезимин Азамат Алтайдын тарых менен чагылдырган. адабиятка болгон кызыгуусу өтө зор болгондуктан, ал тээ 1920- жылдардан бери Кыргызстанда чыккан гезит-журналдарды почта аркылуу АКШга алдырып, илимий китепканага чогултуп келген. Кыргыз адабиятына кызыккан Батыштык изилдөөчүлөр окусун деп, Касым Тыныстановдун китебин кириллицадан латын арибине которуп жазып чыккан. Бул китепти азыр АКШдагы Колумбия университетинен таап окуса болот. Париждеги басылманын өтүнүчү боюнча 1970-жылдары Библияны алгачкылардан болуп «Ыйык инжил китеби» деген аталышта кыргызчага которгон, бул ишке 10 жылдан ашуун эмгеги кеткен. Совет доорунда «Азаттык» үналгысы (Эркин Европа-Азаттык үналгысынын Кыргыз кызматы) өз берүүлөрү бүт дүйнө жүзүнө тараган кыргыз тилиндеги көзгө басар обөективдүү маалымат каражаты болгонун эске алсак, Азамат Алтайдын Кыргыз кызматынын кабарчысы жана директору (1984- 1988) катары кошкон салымы залкар баага арзыйт. Азамат Алтай 1988-жылы пенсияга чыгып, ошондон бери Нью-Йоркто жашап келди. 1995-жылы 24-августтан 11-сентябрга чейин эгемен Кыргызстанга сый конок катары келип, "Манас" дастанынын маарекесине катышты, Түгөлбай Сыдыкбеков, Кусейин Карасаев, Жусуп Мамай сыяктуу кыргыз залкарлары менен жолукту. Ал өзү 1950-жылдардан бери кыргыздын тарыхы, маданияты, адабияты боюнча чогулткан архивинин бир бөлүгүн 1995-жылы Кыргызстандагы Жалалабат университетине тартуулады. Кийинчерээк Жалалабат университетинде Азамат Алтайдын бурчу ачылды. Ушул тапта андагы студенттер чет өлкөдө жашаган мекендешинин өз эли үчүн жандилинен жасаган эмгегине күбө боло алышат. Азамат Алтай 1995-жылдан тарта Жалалабат мене Караколдогу университеттердин мыкты окуган студенттерине жеке өзүнүн атынан жыл сайын 500 доллардан сыйлык берип келди. Ал Кыргызстандагы саясий жараянга дайыма калыс баасын берип келген публицист катары тарыхта калмакчы. «Азаттык» үналгысынын негиздөөчүсү, Кыргызстандагы демократиялык жараянга бараандуу салым кошкон коомдук ишмер Азамат Алтай рак оорусунун айынан 2006-жылы 23-майда Нью-Йорк убактысы боюнча таңкы саат 06:25те дүйнөдөн кайтты. Анын сөөгү, өзүнүн керээзине ылайык, маркум жубайы Сания апанын кабырынын жанына коюлду. Маркумду акыркы сапарга узатуу расмысы Нью-Йоркто өткөрүлдү. АКШдагы кыргыз диаспорасынын өкүлдөрү Нью-Йоркко чогулуп, Азамат Алтайдын туугандарынын азасын бөлүштү.

**Нургазы Алимбаев**
**Архив кызматынын Ош региондук башкармалыгынын башчысынын орун басары**

# РЫСПАЙ ЖӨНҮНДӨ РОМАН-ЭССЕ ЖЕ АНДАН ЧЫККАН ОЙЛОР

**Анонс ордуна:** мен бул Р.Абдыкадыров жөнүндө эскерүүмдү 2025-жылдын башында Фейсбук баракчасына жарыяладым, окурмандар, калайык-калк Р.Абдыкадыров жөнүндөгү роман-эссе боюнча түрдүү пикирлерин билдиришип, менин бул эскерүүмө көптөгөн жакшы комментарийлерин жазышты. Эң негизгиси жана эң чоң жыйынтык Р.Абдыкадыровдун киндик каны тамган кичи мекени – Кара-Кулжа районундагы Сары-Булак айыл аймагы Р.Абдыкадыров айыл аймагы деп аталышы болду. Менин тилегеним, Р.Абдыкадыров айыл аймагынын элине, эң оболу, тынчтыкты, бүтүндүктү каалайм. Ар дайым аман-эсен болушуп, социалдык-экономикалык жактан өсүп өнүгүп, эң мыкты, алдыңкы айыл аймактардан болушсун!

Дегеле атактуу адамдарды оор тагдыр күтөт окшойт. Андай адамдар түрдүү кыйынчылыктарга туш болушса да, алардын бардыгын жеңишип, өздөрүнө энчиленген тагдырга жолугушат. Мен Р.Абдыкадыровдун өмүр-тагдыры жөнүндө айтканы турам. Кайсы бир замандарда Толубай аттуу сынчы аттын куу башына карап: "Кезинде тулпарлыгын мен билсемчи, Аттиң ай, же Толубайлыгым сен сезсеңчи" деп муңканган экен. Элде: "Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол" деген макал калып, ал макал биз билген атактуу Токтогул Сатылгановго тиешелүү эмес экендиги, андан да бир нече кылымдар мурун да Токтогул аттуу ырчы, Толубай аттуу сынчы да жашап өткөндүгүн тарых барактары бизге жеткирип отурат. А биз билип, көрүп калган окуялар кечеги эле көз ирмемдер. Анда эмесе сөз залкар агабыз жөнүндө болсун.

2022-жылда "Ала Тоо" журналынын 1-2-3-4-сандарында Жаңыбай Асырановдун "Мен айрылсам - сен да менден айрылдың..." деген роман-эссеси жарык көрүп, окурмандар арасында терс пикирлерди жаратып, эл арасын ызы-чууга салды. Бул чыгарма Р.Абдыкадыровдун өмүрүнө арналып, баш сөзүн Маркабай Ааматов жазып, чыгармачыл чыйырга өз үнү, өзүнүн айтар оюу бар калемгер келгендигин белгилеп, жазуучунун ишине чоң ийгиликтерди каалап кеткен. Мен чыгарманын басылган бөлүгүн толугу менен окуп чыгып, автордун берген оюна, анын идеялык сюжетине абдан капа болуп, ал боюнча өзүмдүн оюмду билдирип коюуну чечтим. Албетте, заманыбыздын залкары Р.Абдыкадыровдун өмүр-тагдыры, анын басып өткөн жолу көптөгөн адамдарды кызыктырары бул турган иш. Бирок, автордун болгондо да залкардын өзүнүн ырынын темасын алып, анын тагдыры жөнүндө мындай чыгарма жазышы акылга сыйбас өтө одоно иш болгон деп ойлойм.

Авторду тээ 1974-жылдан бери билем, менден эки жаш улуу, ал Кара-Кулжа районунун борборунда жайгашкан мектеп-интернаттын 8-классында, менин бир тууган агам Абылтай менен бир класста окуп жүргөндө таанышкам. Мен алардан эки класс артта окуп, мектепте өткөн иш-чараларга бирге катышып, ким каяктан, кандай окуйт, кандай жөндөмү бар ушуга окшогон суроолордон кабардар элек. Мектеп жатак мектеп болгондуктан, таң аткандан күн батканга чейин ар бир мүнөтүбүз бөлүнүп, армиядагыдай тартип менен, класс-классы менен жатаканадан ашканага тамактанууга, андан мектепке чейин тизилип барар элек. Жаңыбай Асыранов мектеп-интернатта жакшы окуп, мектептеги активдүү окуучулардын бири экенин билчү элем. Мектеп сегиз жылдык болгондугуна байланыштуу, кийин Кара-Кулжа орто мектебин окуп бүттү. Окууга Фрунзедеги Политехке тапшырып, аны окуп бүткөн соң, курулуш тармагына иштеп жүрдү, бир топ жылдардан кийин райондун акими болуп көтөрүлүп кетти. Аяш ага катары аны менен саламым түз болчу, көрүшүп калганда ал-жайды сурашып калар элек. Кийинчерээк Базар-Коргон районуна аким болуп которулуп кетип, билгеним Бабановдун "Республика" партиясына мүчө болуп, керектүү добуш топтой албай, Базар-Коргон районунан кеткенин, андан кийин курулуш тармагына, жеке фирма ачып, үй куруучу болуп кеткендигин уккам. Мына ошондон бери ал тууралуу маалыматым жок эле, жазуучулуктун түйшүктүү жолун тандап, сенсация жаратуунун дымагында калган көрүнөт. Албетте, азыр кимдин ким менен кандай иши бар, тапканын жазып жатат да дешиңиздер мүмкүн, бирок кеп анын ким жөнүндө, эмне деп жазып жатканды гында болуп жатпайбы. Айрыкча атактуу адамдардын өмүрү жөнүндө жазганда кичине ойлонуп жазсак. Бардыгыбыз тарых алдында, эл алдында жоопту экенибизди унутпасак...



**(уландысы кийинки санда)**

# КУЛАКТАНДЫРУУ

Жерде жүрүүчү жана суу транпорту департаментинин Ош аймактык башкармалыгы , төмөнкү маршруттар боюнча автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштурууга сынак жарыялайт:

| № | Лот № | Каттамдын номуру жана аталышы | Автобустарды жөнөтүү убактысы | Автобустарды жөнөтүү орду | Автобустардын керектүү саны |
|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | V | VI |
| 1 | №26 | №307 Ноокат -Ош | Аралыктары 20 мин | Ош унаабекети | 24 |
| | | №546 Ноокат-Кызыл-Кыя | Кыймыл чиймеге ылайык | Ноокат автобекети | 16 |
| | | №524 Кок-Жар-Ноокат-Кызыл-Кыя-Кок-Жар | Кыймыл чиймеге ылайык | с. Кок-Жар | 12 |
| | | №237 Ноокат-Жаны-Ноокат | Аралыктары 20 мин | Ноокат автобекети | 19 |
| | | №274 Ноокат-Кыргыз-Ата | Аралыктары 20 мин | Ноокат автобекети | 18 |
| | | №104 Ноокат-Айбек | Аралыктары 30 мин | Ноокат автобекети | 2 |
| | | №389 Ноокат-Үч-Бай | Каж 20 м чер 30 м 6-30,14-00,7-30 | Ноокатавтобекет | 8 |
| 2 | 27 | №101-А Ноокат шаар | Аралыктары 20 мин | г. Ноокат | 15 |
| | | №101 Ноокат шаары | Аралыктары 20 мин | г. Ноокат | 15 |
| | | №311 Ноокат-Атамерек | Аралыктары 20 мин | с. Атамерек | 15 |
| | | №240 Ноокат-Кара-Таш | Аралыктары 20 мин | с. Кара-Таш | 7 |
| | | №394 Ноокат-Казыл-Теит | Аралыктары 30 мин | с.Кара-Тейит | 5 |
| | | №393 Ноокат-Чечме-Сай | Аралыктары 20 мин | с.Чечме-Сай | 5 |
| | | №395 Ноокат-Нойгут | Аралыктары 20 мин | с.Нойгут | 3 |
| | | №242 Ноокат-Арал | Аралыктары 20 мин | с.арал | 2 |
| | | №239 Ноокат-Шанкол | Аралыктары 20 мин | с.Шанкол | 10 |
| | | №271 Ноокат-Жар-Коргон | Аралыктары 20 мин | с.Жар-коргон | 8 |
| | | №102 Ноокат-Кара-Турпак | Аралыктары 20 мин | с.Кара-Турпак | 2 |
| 3 | 28 | №523 Салиева-Кызыл-Кыя | Аралыктары 20 мин | г.Кызыл-Кыя | 8 |
| | | №521 Кулатов-Кызыл-Кыя | Аралыктары 20 мин | г.Кызыл-Кыя | 26 |
| | | №520 Кулатов-Ош | Кыймыл чиймеге ылайык | Ошунаабекети | 2 |
| | | №526 Керкидан-Кызыл-Кыя | Кыймыл чиймеге ылайык | г.Кызыл-Кыя | 2 |
| | | №522 Беш-Буркан-Кызыл-Кыя | Аралыктары 40 мин | г.Кызыл-Кыя | 10 |
| | | № 381 Салиева-Ноокат | Кыймыл чиймеге ылайык | г.Кызыл-Кыя | 2 |
| | | №525 Тоо-Моюн-Кызыл-Кыя | Кыймыл чиймеге ылайык | г.Кызыл-Кыя | 2 |

Конкурска юридикалык же жеке жактар, ишкердик иш субъекти катары катталган жүргүнчүлөрдү ташууга тиешелүү уруксаттамасы бар ишкерлер катыша алат. Конкурстук сунуштар, маалыматтар электрондук түрүндө тапшырылышы керек.

Конкурстун катышуучулары, конкурстун документтерин төмөнкү даректен ала алышат:
Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Памирский тракт көч., 1, тел:(0222) 88884 .
Билдирмелер жана конкурстук документтер 29-ноябрь 2025-жылдан баштап 29-декабрь 2025-жылы саат 18:00гө чейин кабыл алынат.

Сынак Транспорт жана коммуникациялар министирлигинин Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Ош аймактык башкармалыгында 1-декабрь 2025-жылы төмөнкү дарек боюнча Кыргыз Республикасы, Ош шаары., Памирский Тракт көч., 1 дарегинде саат : 10-00 дө өткөрүлөт.

**Сынак комиссиясы**

## Сынак

Ноокат токой чарбасы Мамлекеттик токой фондусунун жерлерин ижарага берүү үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 10-апрелиндеги № 192 токтомунун талаптарына ылайык, төмөндөгү жер аянттарына конкурс жарыя кылат.

Кызыр-Ата токой бөлүмүнүн Кураган капчыгайындагы № 28 кварталдын 1-бөлүкчөсүндө жайгашкан 0, 70 га. жер аянтына маданий ден-соолукту чыңдоо жана туризм багытында пайдаланууга ижарага берүүгө сынак жарыялайт.

Конкурстук сунуштарды кабыл алуу жарыя чыккан күндөн тартып бир ай ичинде төмөнкү төмөнкү дарек боюнча жүргүзүлөт.

Дареги: Ноокат району Жийде айылы, Ноокат токой чарбасынын административдик кеңсеси. Сурап билүү телефондору: 0(778) 70 29 80, 0(771) 35 72 67

## ХХХ

«ОсОО «Люкс Консалт» объявляет публичные торги, в форме открытого аукциона, по продаже заложенного имущества:

ЛОТ нежилое помещение магазин с земельным участком общей полезной площадью 475,00 кв.м., расположенный на земельном участке меро. 1300,00 кв.м., находящееся по адресу: Кара-Кулжинский район, с/у Кара-Кулжа, с.Кара-Кулжа, ул.Токтомамат Жээнбеков №53, идентификационный код: 5-03-05-1001-2337.

Стартовая цена заложенного имущества составляет: 16 445 000 (шестнадцать миллионов четыреста сорок пять тысяч) сом.

Торги пройдут «30» декабря 2025 г., в 12:00 ч. по адресу: Ошская обл., Кара-Кулжинский район, а/а Кара-Кулжа, с.Кара-Кулжа, ул.Т.Жээнбекова, дом №53

Для участия в публичных торгах необходимо внести гарантийный взнос – 1 % от стартовой стоимости – на р/с 1110002000041858 БИК 111006 ЗАО «Банк Азии» до начала публичных торгов. Имущество реализуется в сомах.

Выигравшим публичные торги на открытом аукционе признается лицо, предложившее наиболее высокую цену за продаваемое имущество. Покупная цена подлежит внесению в течение пяти банковских дней за вычетом суммы, внесенного гарантийного взноса после проведения торгов.

Сведения об Организаторе торгов:
ОсОО ЮК "Люкс Консалт", адрес: г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова, д. 14, кв. 41, тел. 0 (312) 56 88 25, 0 (772) 30 30 32, р/с в сомах 1110002000041858, БИК 111006 ЗАО "Банк Азии", код ОКПО 29403204, ИНН 01603201610167»

## Ххх

«ОсОО «Люкс Консалт» объявляет повторные публичные торги в форме открытого аукциона по продаже заложенного имущества:

ЛОТ №1 Жилой дом, расположенный по адресу: Ошская обл., Кара-Суйский р-н., с/у Савай, с. Октябрь, ул.Октябрь 6, дом 19, идентификационный код: 5-04-14-1006-0506. Стартовая цена заложенного имущества составляет составляет 5 256 000 (пять миллионов двести пятьдесят шесть тысяч) сом.

ЛОТ №3 Земельный участок, расположенный по адресу: Ошская обл., Кара-Суйский р-н., с.Октябрь ул. Ак-Ордо, дом 111, идентификационный код: 5-04-14-1006-0533. Стартовая цена заложенного имущества составляет составляет 1 675 000 (один миллион шестьсот семьдесят пять тысяч) сом.

Для участия в повторных публичных торгах необходимо внести гарантийный взнос – 1 % от стартовой стоимости – на р/с в сомах 1110002000041858 БИК 111006 ЗАО «Банк Азии» до начала публичных торгов.

Выигравшим публичные торги на открытом аукционе признается лицо, предложившее наиболее высокую цену за продаваемое имущество. Покупная цена подлежит внесению в течение пяти банковских дней за вычетом суммы, внесенного гарантийного взноса после проведения торгов.

Повторные публичные торги состоятся «30» декабря 2025 г., в 12:00 ч. по адресу: г.Ош, ул.Джим, дом №8, кв №13 по реализации заложенных имуществ:

Сведения об Организаторе торгов:
ОсОО ЮК «Люкс Консалт», адрес: г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова, д. 14, кв. 41, тел. 0-(312) 56-88-25, 0-(772) 30-30-32, р/с в сомах 1110002000041858, БИК 111006 ЗАО «Банк Азии», код ОКПО 29403204, ИНН 01603201610167.».

## Акционерлердин чогулушу

«Ош Ак-Таш" ААК 2025- жылдын 21- ноябрь күнү саат 11:00дө өткөрүлгөн акционерлердин кезексиз жалпы чогулушунун жыйынтыгы боюнча билдирет.

Чыгарылган акциялардын жалпы саны - 198829 даана.
Жайгаштырылган акциялардын саны - 198829 даана.
16 акционер 166149 даана акция менен катышты.
Чогулуштун кворуму: 83,56 %.
Биринчи маселе боюнча:
Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү.

16 акционер добуш беришти: "макул" – 166149 добуш (катышкандардын 100 %ы), "каршы" – "жок", "калыс" – жок.

Эсептөө комиссиясынын курамына Дорбанов М., Ниязова А.,Талипова Г.К. бекитилди.

Экинчи маселе боюнча:
Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин балансына жер тилкелерин акысыз берүүгө руксат берүү чечими:

– көмөктүк чарбанын жер тилкесин 12,0 га (идент. коду: 5-11-05-0060-0446), дареги: Ош шаары, Жапалак айыл өкмөтү, номери жок;

– «Ак-Терек» карьердик чарбасынын жер тилкеси - 35867,00 чарчы метр (идент. коду: 5-11-05-0060-0446), дареги: Ош шаары, Ноокат тракты -№8\5;

– жер тилкеси 1,1 га, жер тилкеси 2,45 га (идент. код: 5-11-10-0241-0178), дареги: Ош шаары, Ражапов көчөсү 75 "б".

16 акционер добуш беришти:
"макул" -166003 добуш (жалпы добуштардын 83,49 % ), «каршы» -146 г добуш (жалпы добуштардын 0,07 % ), «калыс» -жок.

Ушул маселе боюнча чечим жалпы добуштардын 2\3 бөлүгү менен кабыл алынат.

## Собрание акционеров

ОАО «Ош Ак-Таш» уведомляет об итогах внеочередного общего собрания акционеров, проведенного в 11:00 часов, 21 ноября 2025 года.

Количество выпущенных акций -198829 шт.
Количество размещенных акций-198829 шт.
Присутствовали 16 акционеров с общим количеством акций 166149 шт.
Кворум собрания 83,56 %.
По первому вопросу:
Утверждение состава счетной комиссии проголосовали «за»-166149 голосов (100 % от присутствовавших), «против» -нет., «воздержавшихся»-нет.

Утвердили состав счетной комиссии: Дорбанов М., Ниязова А.,Талипова Г.К.

По второму вопросу:
Решение о безвозмездной передаче на баланс Государственного агентства по управлению госимуществом при Кабинете Министров Кыргызской Республики:

-земельный участок 12,0 га подсобного хозяйства (идент.код: 5-11-11-0027-0205), расположенный по адресу: г.Ош, с\у Жапалак, б\н;

-земельный участок 35867,00 кв. м. карьерного хозяйства «Ак-Терек» (идент. код: 5-11-05-0060-0446), расположенный по адресу: г. Ош, Ноокатский тракт №8\5;

- земельный участок 1,1 га, земельный участок 2,45 га (идент.код: 5-11-10-0241-0178). : расположенный по адресу: г.Ош, ул. Ражапова 75 "б".

Проголосовали:
«за»-166003 голосов (83,49 % от общего числа голосов), «против» -146 голосов ( 0,07 % от общего числа голосов), «воздержавшихся» -нет.

Решение по данному вопросу принимается 2\3 от общего количества голосов.

# АДАБИЯТ УҢГУ ЖОЛУНДА

**"Адабият-уңгу жолунда" "Кайрыктар казынасы" Коомдук бирикменин эл аралык курултайына катышкан, 2 китептин автору ,мыкты калемгер, маданият мыктысы төш белгинин ээси , Кара-Кулжа кайрыктарынын жетекчиси, акын Артыков Маметибраим Ташматович.**



## КЫРГЫЗ ЭЛИМ

Амандыкты сурашып асыл элим,
Ар намысты сактаган Кыргыз элим.
Ата бабам байыртан жашап келген,
Сактап берген Ала-Тоо Кыргыз жерим.

Кадыр баркын билген жакшы аталардын,
Кут береке үйдө болсун апаларым.
Балам дешет, бакыт дешет өмүр тилеп,
Ата-энелер берип турсун баталарын.

Аман эсен болгула карыларым,
Кабыл болсун тилегинер баарыңардын.
Ата-энеси эч качан карабастан,
Карылардан бата алган жакшылардын.

Акыл сөзү таамай болот аксакалдын,
Кадыр баркы бийик болот аталардын.
Көнүлдөрү чалкып турат деңиз болуп,
Ар дайым бар болушсун апаларым.

## СҮЙҮҮ ОТУ ЖАНЫП ТУРАТ

Жүзүңдөн нур төгүлөт таң аткандай.
Жаша деп сени мага жараткандай.
Жылуулук берип турат эстегенде,
Жылдыздай чырак болуп бешенемде.

Баарысы эске түшөт уктаарымда,
Барсам деп эртеси таң атаарында.
Бийикте жүрсөң кантем колум жетпейт,
Байкатпай келип калчы катарыма.

Жабышып колубуздун салаалары,
Жыбырап жылдыздуу түн талаапары.
Жалындап оттой жанат кусалыгым,
Жазылбайт кош жүрөктүн санаалары.

Сүйүү оту жанып турат азырдагы,
Сүйлөгөн үнүң эле мага даары.
Сүйкүмдүү элесиңди унута албай,
Ошол кез жалындаган оттой жанды.

## АЛАЙКУУМ

Алайкуум жылга сайын мөңгү суулар,
Сайрашат аскаларда учкан улар.
Керемет канат какпай учуп барат,
Эс алсаң жайлоо сонун жазып кумар.

Кулданбес жашыл жайлоо көркү тоонун,
Гөдөө чоп малы семиз кандай сонун.
Кой жайып үйүр-үйүр жылкы айдап,
Булактары төмөн агып көрктүү тоонун.

Көз жетпейт ак кар баскан аска зоого,
Карагай арча, кайың өскөн боордо.
Алайкуу эли шайыр талан берген,
Комуз чертип ырдап келет колдон колго.

Көк жашыл жайлоо сонун рахаты,
Кымызга чакырышат сый ызаты.
Коноко келгендерди урматтаган,
Алайкуу элибиздин каада салты.

## С. ЖУСУЕВГЕ

Эл акыны, эл баатыры ааламдын,
Жазып ырдыжан дилимден арнадым.
Тарых болду, кылым бою сакталып,
Бийик чоку атын алды Авамдын.
Кан төгүлүп, согуш болуп батыштан,
Ал согушта душман менен атышкан.
Жеңиш менен так Берлинге туу сайып,
Аман-эсен, эл жерине кайтышкан.

Бүт өмүрүн ыр жазууга арнады,
Эмгектерин кыргыз эли баалады.
Согуш күндөр бомба түшүп турганда,
Жаш баланын алаканын кармады.

Кармап алып чочуп кетти ыйлады,
Кайра дагы бомба түштү кыйрады.
Алоолонгон өрттү көргөн кордугун,
Медаль тагып Ата-Мекен сыйлады.

Улуу адам,Алайкуунун сыймыгы,
Бүгүн майрам жүз жаш болгон жылдыгы.
Көзү өтсө да арабызда тирүүдөй,
Ыры менен бүт ааламдын жылдызы.

Раззаков ишке болгон тактыгын,
Китеп жазды,ырга айлантып тагдырын.
Жусуевдей ыр жыйнагын ким ...

## Кыргыздар

Акын чыкты Анжияндын Кыргыздары,
Ааламга даңкы чыккан Чыңгыз дагы.
Кыргыздын салты менен сыймыктанам,
Талантуу элим сонун бүткүл баары.

Кең пейил ,тукум асыл кыргыз каны,
Кооз жери,даамы таттуу Кыргыз баллы.
Кай жерде болсо дагы эсен болуп,
Өнүгүп өсө берсин Кыргыз саны!

Асманда бийик жанат жылдыздары,
Кыргызда ,ар намыстуу уул- кыздары.
Көбөйсүн! бүт өлкөдө Кыргыз элим,
Чет- элде боордош элдин Кыргыздары!

Булак сууну ичкен билет муздагын,
Муздагына карабастан ууртайын.
Жайы- кышы барып калсам айылга,
Сүттү эмген кулун болуп чуркайын.

Асылбек авам асмандагы жылдыз болуп,
Акыл эстүү атадан уул-кыз болуп.
Канча жылдар өтсө да өмүрүндө,
Жалпы элге жаркырап кундуз болуп.

Агамдын айтканын сөзүн эстеп жүрөм,
Тамашакөй акын эле айтып күлгөн.
Эмгек менен элине кызмат кылды,
Кара-кулжа элин-жерин мактап сүйгөн.

## ЖУБАЙЫМА

Көп сүйлөбөй көнүлдөрдү сергитип,
Жакшы сүйлөп жан дүйнөмдү эргитип.
Колдон келсе кол кчрмашып жүрөлү,
Картайганча өмүр сүрүп ээрчишип.

Көп жашайлы бөөдө кырсык жолукпай,
Жаман айтып көнүлдөрдү оорутпай.
Кадырлашып кыз-балдардын төрүндө,
Жашайлычы жан дүйнөнү соолутпай.

**Артыков Маметибраим.**



## СООРОНБАЙ ЖУСУЕВДИН ЖҮЗ ЖЫЛДЫГЫНА

Кош доорду өткөрдү акын башынан,
Кыйынчылык көрдү анан жашынан.
Кайратынын күчтүүлүгү өзгөчө,
Колдон калем түшпөй жүргөн башынан.

Жаш кезинен согуш доорун өткөрүп,
Өз мекенин коргоду го көз көрүп.
Калем колдон түшпөй катаал күндөрдө,
Ичте бугун чыгарчу экен бөксөрүп.

Бирде жазса алоолонгон казатты,
Бирде жазып сүйүү ырын жаратты.
Кусаланып ата-энеге,мекенге,
Ырга жазып эт жүрөгүн канатчу.

Жан дилинен элин-жерин коргоду ,
Катаал болду акын баскан жолдору.
Эмгегинен медаль,орден тагынып,
Көкүрөктө ачык жер жок болжолу.

Эсен-аман келип туулган жерине,
Экинчи доор сүрдү өзүнүн жеринде.
Эли жерин кошуп ар бир ырында,
Эсеп жеткис ырлар жазды кеминде.

Ар мазмунда чыгармалар жазылып,
Көп сандаган китеп болду басылып
Даңазал...

## Сооронбай Жусуев агабызга...

Акын жолун, түбөлүккө чийип кең,
Алайкуудан, атты алып бийиктен,
Баатыр-акын, Соорaнбай деп айтылса ,
Башты ылдый, таазим кылам ийип мен....

Курал кармап, кетсеңиз да майданга,
Көөдөн толгон, ырлар келип таңдайга,
Эмгегиңиз, эскерилди жүз жыл деп,
Эл акын деп, элден алып кандай баа?

Кылым жашайт, жазган ырың чыгармаң,
Китепиңиз, кыз-уул окуп сыналган,
Алп акынсыз, Сооранбай деп белгилүү,
Алайкуунун, атын бийик чыгарган...

Жүз жылдык деп, Жусуев деп эстелип,
Жазды акындар, ырын арнап эскерип,
Ак тоюңуз, кубанычка айланып,
Айылыңызга, койду сизге эстелик...

Кайра-кайра, калем сабым күүлөнүп,
Каалоо жазсам, калбайт сизге түгөнүп,
Кыргыз элдин , баатыры деп Жусуев...
Кара - Тума , тоого жаттын түбөлүк....

Алп акын деп, урмат-сыйсыз пирибиз,...

## Сооронбай Жусуевге

Эл акыны, Эл Баатыры Сооронбай
Эл ичинде жашап жүрдү ырга бай
Керек болуп Жаратканга ал жакта
Кетти алып кайгырганга карабай

Ырың калды,сырың калды артында
Ызат сыйың ыйык эле калкында
Эл журтум деп калыстыктан жазбадың
Эмгектериң эстеликке калды да

Жүрдүң эле эң алдыңкы катарда
Жөнөп кеттиң барса келгис сапарга
Журтуң калды Сени эстеп сумсайып
Жазган ырың алып дайым капарга

Эл ичинде атың калды сакталып
Эмгектериң ирээттелип сакталып
Эчендеген жаштар келет артыңдан
Эрдиктери Мекенинде даңкталып

Кош бол Соке элиң түштү кайгыга
Кеткендигиң арман ойго салды да
Кантмек элек бул күндөр да арылайт
Канчалаган жашоолор бар алдыда.

**Орозбек Акимбаев.**



## СООРОНБАЙ ЖУСУЕВГЕ

Согуш күнду кечирсең да ар кандай,
Кыйын кезең оор сыноого алданбай,
Калк көөнүнө өчпөй турган кылымга,
Катаал доордо ыр жараттың жазганбай,

Ырга салып кыйын күндүн кырдаалын,
Кан майдандын көзгө сүрөтүн жылдарын,
Наристенин алаканын колго алып,
Арман муңга салдың жүрөк кылдарын.

Кош жылдыздай чачып көктөн ак жарык,
Ар бир жазган ыр саптарың баркталып.
Өчпөс болуп ташка тамга баскандай,
Калды артында кылымдарга сакталып,

**Раимжанова Мейликан**